# МЕҢДИ МАМАЗАИРОВАНЫН " АЙМАРАН" РОМАНЫНДАГЫ АЗЫРКЫ ДООР ҮНҮ ЖАНА РОМАНДАГЫ АЯЛДАР ОБРАЗЫ

***Осмонова Жазгүл Рысбаевна***

*Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык Университети*

*bekzat200627@mail.*

***Аннотация.*** *Макалада Менди Мамазаированын «Аймаран» романы жаңы доордо кыргыз элинин коомдук-саясий, экономикалык жана моралдык абалын чагылдырган көркөм чыгарма катары каралат. Чыгарма ар кандай окуяларды, көрүнүштөрдү, кризистерди жана өткөөл мезгилге мүнөздүү карама-каршылыктарды чагылдыруу жагынан талданат. Негизги көңүл романдын идеялык-көркөмдүк баалуулугун баалоого жана автор колдонгон көркөм сүрөттөө каражаттарына бурулат.*

***Негизги сөздөр****: нравалык абал,образдар, тагдыр, мүнөз, үй-бүлө, окуя*

# СОВРЕМЕННОЕ ЗВУЧАНИЕ ЭПОХИ В РОМАНЕ МЕНДИ МАМАЗАИРОВОЙ «АЙМАРАН»

***Осмонова Жазгүл Рысбаевна***

*Кыргызско-Узбекский международный университет имени Б. Сыдыкова*

***Аннотация.*** *В статье рассматривается роман Менди Мамазаировой «Аймаран» как художественное произведение, отражающее общественно-политическое, экономическое и нравственное состояние кыргызского народа в новую эпоху. Произведение анализируется с точки зрения отображения различных событий, явлений и кризисов, а также противоречий переходного периода. Основное внимание уделяется оценке идейно-художественной ценности*

*романа и средствам художественной выразительности, использованным автором.*

**Ключевые слова:** *нравственное состояние, образы, судьба, характер, семья, событие.*

## THE CONTEMPORARY VOICE OF THE ERA IN MENDI MAMAZAIROVA'S NOVEL "AIMARAN"

***Osmonova Jazgul Rysbaevna***
*Kyrgyz-Uzbek international university name b. Sydykova*

***Abstract.*** *The article examines Mendi Mamazairova's novel "Aymaran" as a literary work that reflects the socio-political, economic, and moral condition of the Kyrgyz people in a new era. The work is analyzed in terms of its depiction of various events, phenomena, crises, and contradictions characteristic of the transitional period. Particular attention is given to evaluating the ideological and artistic value of the novel, as well as the expressive means employed by the author.*

***Keywords:*** *moral condition, images, destiny, character, family, event.*

Таланттуу жазуучу М.Мамазаированын "Аймаран" романы 2008-жылы жарык көрүп, кыргыз элинин жаңы доордогу коомдук-саясий, экономикалык, нравалык абалы, өлкөнүн чар тарабындагы болуп жаткан ар түрдүү окуялар, көрүнүштөр, кризистер, айтор мезгил тогошкондогу карама-каршылыктар эпикалуу, понорамалуу чагылдырылган. Жаңы доордун адабияты- бул социалдык, экономикалык жана нравалык өзгөрүүлөрдүн көркөм рефлексиясы. Кыргыз адабиятындагы мындай адабияттын көрүнүктүү мисалы катары М.Мамазаированын "Аймаран" постсоветтик доордун нравалык деформациясы, ааламдашуу чакырыктары жана руханий боштуктун драмасы терең көрсөтүлөт. Окумуштуу С. Байгазиев: "бүгүнкү күндө адам проблемасы, анын коомго карата мамилеси жөнүндөгү маселе ар кандай философиялык, социологиялык,

эстетикалык терияларды борборунда турат" [1, 2],-деп жазат. Жазуучу өзү да кайсыл бир телемаегинде чыгарманын жазылышы тууралуу оюн билдирген: Чындыгында жазуучу З. Пасаңова белгилегендей: "кыргыз окурмандары жогорку чөйрөдөгү интеллигенциянын турмушун чагылдырган чоң прозага суусап тургансыйт. Анткени, коомдук баалуулуктар өзгөргөн заманда ири бизнес өкүлдөрүнүн жомоктой кооз жашоосу, олигархтардын шаан-шөкөттүү турмушу жөнүндө массалык адабиятта, көркөм тасмаларда, интернет-сайттарда, ютуб каналдарда алда-качан эле стереотиптер түзүлүп калган. Алар коомчулуктун көңүл чордонунда болушуп, карапайым калктын бир чети суктануусун, экинчиден обочолонуусун жаратты. Бул олигархтар жөнүндө мифтерге жана алар ак эмгеги менен байышпайт деген стереотипке байланыштуу" [3]. Залкар жазуучу Ч. Айтматовдун "Тоолор кулаганда" романынан кийин азыркы доордогу биздин замандын кишилерине арналып чыгармалар жарала элек эле. М.Мамазаированын "Аймаран" романы кыргыз прозасында дал ушул бөксөлүктү толтургандай таасир этет. Романдын жанрдык табиятына негизделип, сюжетти көп катмарлуу жана каармандардын образы ар түрдүү мүнөздө, ар түрдүү социалдык багытта жаралган. Чыгарманын түзүлүшүнө, окуялар тутумуна баам салганда азыркы мезгилдеги адамдардын турмушун, тагдырын сүрөттөгөнү менен көркөм аянтында элдик легендалар, жомок, болмуштар, мистикалык көрүнүштөр, күндөлүк, түш коргуу мотиви болуп, реалдуу да, ирреалдуу көрүнүштөрүн ийкемдүү колдонгон.

"Аймаран" романынын сюжеттик окуясында баштан аяк катышкан бүгүнкү мезгилдин оор жүгүн аркалаган, өзүнчө мүнөз, тагдыры бар, жеке ишкер "темир аял" Тумар Муратованын фигурасы кашкая тартылган. Экинчиси, Тумар Муратованын каршысында жаңы заман жараткан "жаңы профессионал" Камара Кабылованын образы орун алган. Көркөм образ жараттууда жазуучу биринчи иретте каармандын мүнөзүн ачышы зарыл. Анткени образ-мүнөз деген түшүнүктөн канчалык кеңири болбосун, мүнөздү ачпай туруп, образды түзүүгө мүмкүн эмес" [3, 48],- деп белгилеген адабиятчы С. Жумадылов. Мүнөзсүз образ өз алдынча аракеттене албайт. Типтүү кырдаалдарга ылайык туура табылган

мүнөз сюжетти да табигый түрдө өнүктүрүүгө жардам берет. Ошондуктан романдын сюжеттик катмарында башкы каарман Тумар Муратованын айланасында көптөгөн адам тагдырлары, алардын жашоо образы чыйрак, ишенимдүү тартылат. Маселен, Тумар Муратованын карапайым, акылдуу, нарктуу ата-энеси - Нурадил менен Умугүлсүн; руханий атасы – Ариет; жубайы – Назар жана балдары, кайненеси – Алдей эне, сырдаш адамы – Батыркан жана үй-бүлөсү; анын кайнатасы профессор –Кулубек Кашкаралиев жана жубайы Керез Бекбосуновнанын образдар галлереясы жаралган. Бул жети үй-бүлөнүн ар биринин жеке тагдыры, өз чөйрөсү, "дүйнөлөрү" бар жана алардын өмүр-тагдыры менен Тумар Муратованын коомдон алган орду, азыркы доордогу жашоосу ичкерден байланышта сүрөттөлөт.

"Аймаран" романындагы борбордук каарман Тумар Муратовага "темир аял" деген макамды да жаңы доор берди. Анткени жаңы доор алып келген адамдын жашоодогу, коомдогу эркиндик баалуулуктарын ашкере пайдаланып жиберүүнүн да кесири аялзатынын кылымдар бою келе жаткан ыйман-ариетине да өзгөрүүлөрдү алып келгени шексиз. Ошондуктан жазуучу "олигархтардын" катарында турган Тумар Муратованы аты жаман онкологиялык ак кан оорусуна кабылдырып, андан да догдурлардан "трансплантация" менен гана жашоого мүмкүн деген сөзүнөн кийин өмүр, өлүм менен күрөшүп жатып буга чейинки турмушу, тагдыры көз алдына тартылып өтөт. Коркунучтуу оорунун айынан Москвага эч кимге айтпай барып, баласы Арсардын кең диванына батпай, "туйлап, туйлап" жанын коёрго жер таппай миң түркүн ойлордун айлампасында жатат. Ал адамдык касиеттин тараза ташына салып, жан -дүйнөсүн тазалоодо, өзүн-өзү таануусунда, түпкү башатына кайрылууда атасы Нурадилдин эгиз кыздарына арнап жазган мурас күндөлүгүн да ушул күндөрү окуду. Атасы ыраматылык күндөлүгүндө өздөрүнүн башынан өткөргөн татаал да ары бактылуу турмуштарын, эгиз кыздарынын балалыгын, туулган жери жөнүндө керемет эскерүүлөрдү жазган экен. Ата-энеси өз өмүрлөрүн айылдык мектепте мугалимдик кесипти аркалап, келечек муундарга билим-тарбия беришип, карапайым турмушта жашашса да ак эмгектен бакыт табышкан чыныгы адамдар

болушкан экен. Тумар атасынын күндөлүгүн окуган соң, жашоого башка өңүттөн кароого аракет кыла баштайт. Ата-эненин мурасынан улум жашоодогу адамдык парз жөнүндө улуу сабактарды алат, тазалануунун жана арууланууга жол таба баштайт.

“Аймаран” романында жазуучу Тумар Муратованын жан дүйнөсүнө ичкертен иликтөөдө, турмуштагы карама-каршылыктарды ийкемдүү колдоно алган. “Көркөм конфликт-чындыктагы белгилүү бир процесстердин продуктусу, чагылдырып жаткан дүйнөнүн (нерселер, адамдар) анологу (окшоштугу) жана аны модели” [4, 8],-деп белгилейт К.Шаззо. Жазуучу турмуш чындыгын көркөм чындыкка айландырууда конфликтти модель катары пайдаланат Ал эми адабиятчы Е.Горбунова эмгегинде: “конфликт-чыгармадагы жалпы идеялардын ачылышы, чыгарманын идеялык-эстетикалык негизи, сүрөткердин чындыкка болгон мамилесин, анын концепциясын көрсөтүүчү каражат” [5, 48],-деп ырастайт. Сюжет турмуштук, коомдук конфликтин негизинде келип чыгат жана аны эч убакта ошол конфликттин көчүрмөсү катары кароого болбойт. Конфликттин өзү ар түрдүү сюжеттер, ар башка көрүнүштөр ачылышы мүмкүн. Конфликти жаратуу жазуучунун чеберчилиги эң чоң мааниге ээ.

Романда Тумар Муратованын мүнөзүнүн өсүш жолдорун даана ачып, бардык жагынан окурмандарды кызыктырып, ар бир элементтин маңызын билүү үчүн сюжет өзүнүн милдетин толук аткара алат жана ал конфликте чечилет. Тумар акыл калчап, өткөн күндөр көз алдынан шурудай тизилип өтүп жатканда дүйнөдөгү эң жакын адамы бир тууганы, түгөйү Кумар экенин түшүнөт. Аны менен көп жылдар бою көрүшпөй жат адамга айланганына кейиди. Баарыдан мурда эгиз бир тууганым Кумарга көрсөткөн кыянатчылыгымды жараткан да кечирбес. Менин ага көрсөткөн кордук, ыймансыз мамилемдин кесепетинен Оруссияга журт которуп кетти. Тумар түгөйү Кумарга болгон атаандаштык, өзүмчүлдүк мамиле бала кезден башталган. Анын баары мектепке практикант жигит Батырканды андан тартып алгысы келип, класс жетекчисине, апасына ушактаган. Кумарга апасынын колу тийгенде ызаасына чыдабай дарыяга бой таштап, балыкчылар куткарып калышкан. Батыркан Кумарга тартуулаган гүлдү

үйга салып бергенин эстегенде: "Кантип дитим барды, кантип колум барды?" – деп арам ою жанын кыйнап жатты. Арадан канча жыл өтсө да эгизинин тагдырына кызыкпаганы жат адамдай өмүр сүргөнү, мындай кыянатчылык жашоомо кесепети тийдиби деген суроону өзүнө - өзү берип жан талаша ойлонот, өткөндөргө өкүнөт, айрымдарына өзүн актоого аракеттенет.

Автор мындай ичи тардык, көрө албастык деген тээ Адам ата менен Обо эненин эгиздери Абил менен Кабилден башталганын эскерет. Боорукер, ак ниет Абилдин көзүн тазалаган Кабил байыркы адамзат жашоосунда биринчи адам өлтүргүч аталыптыр. Мына ошол Кабилге өзүн теңеген Тумардын жан дүйнөсүнө: *"Көрөалбастык деген илдетти адамдын генинен кандай күч суурут алат?"* – деген оор суроого жооп берүүдө адамзаттын алсыздыгын сезип, кудайдан жардам сурап кайрылат. Кумардын чет жердеги тагдырына өзүн күнөөсү бардыгын биринчи жолу мойнуна алып, бир туугандык кыйышпас мамилесин арноого ниеттенет. Тумардын өзүнүн *абийир сотуна* кабылышы көркөм логикага дал келет.

Чыгармада автор Тумардын тагдырынан кечирген окуяларды берүүдө ретроспективдик көркөм ыкманы мыкты колдоно алган. Анын көз алдына советтик түзүлүш кыйрап, баары селдей агып, базар экономикасы мезгилине туш келип, жаңы доордун эч кимди аябаган катаал шарттарына туруштук берүү үчүн күрөшүп жүрүп, кыргыз элиндеги белгилүү бай адамдардын катарына кошулуп, жаштыгы менен ден-соолугун берип, турмуштук тажрыйбасы артып, "темир аял" деген ылакап аткан конуп, Ысык-Көлгө "Тумар-каныша" эс алуу борборун курат. Тумар "…өмүрдүн ар бир күнүн бош, бекер, маңызсыз өткөрбөгөн, өзүнө да, өзгөгө да талапты катуу койгон акыйкатчыл, чынчыл эркек мүнөз аялзаты" катары сүрөттөлөт. Ал татаал заманда жашап, элдин мүлкү талап-тонолуп, менчиктештирилип, улам мамлекет башында турган адамдардын адилетсиздигинен төңкөрүштөр болуп, саясий жана экономикалык кризистерден алсыраган өлкөдө жүрүп жаткан бардык карама-каршылыктуу жараяндарды тагдырынан кечирип, акыл-сезиминен өткөргөн мекенчил, акылдуу, эрктүү

күчтүү аял. Тумардын өзүнүн *абийир сотуна* кабылышы көркөм логикага дал келет.

Чыгармада баяндалгандай ал өз билими, турмуштук тажрыйбасы, жашоого жөндөмү, уюштуруучулук таланты менен жогорку бийликтин тепкичтеринде көтөрүлүп баратып, бирок саясый карьерасын өз эрки менен токтотот. Тумара бийлик өкүлдөрү элдин кызыкчылыгын өз кызыкчылыгынан жогору койгондугу, жемкорлугу, жоопкерсиздигинен, иренжип, бийликтен кетүүнү чечти.. "Мен башка жолду тандайм! Эл үчүн, туулуп-өскөн мекеним үчүн пайдалуу иш кылам! Бул курулай сөз эмес! Каруум казык, каным азык болсун! – деп ичинен катуу бекиди". Бул жагынан ата канынан, эне сүтүнөн өткөн кулк- мүнөзү, мыкты тарбиясы, жашоодогу тутунган эреже-принциби түрткү болду. Бул чечим анын турмушундагы чоң бурулуш, жашоодогу жаңы кадамдар эле. Жазуучу тагдырдын нечендеген соккуларына сынбаган, кандай гана тоскоолдуктар болбосун көздөгөн максатына жетүүдөгү өжөрдүгү, майтарылбас эрки күчтүү инсандын образы ырааттуулук менен чеберчиликте сүрөттөлөт.

**Жыйынтык.** М.Мамазаированын "Аймаран" романы кыргыз элинин азыркы доорунун үнүн угузган эпикалык масштабы, турмуш чыдыгын көркөм чындыкка трансформациялоодогу чеберчилиги, тилинин көркөм байлыгы, образдуу ой жүгүртүүсүнүн кенен мүмкүнчүлүгү менен өзгөчөлөнүп турган баалуу чыгарма.

**Адабияттар :**

1. Мамазаирова, М. Тандамалар: Романдар [Текст] / М.Мамазаирова.- Б.: - Турар. 2013.-18б.
2. Байгазиев С. Адам, коом маселеси философияда жана адабиятта // Ала-Тоо.-180.- №11.
3. Горбунова Е..Н. Идеи, конфликт, характеры.-М., [Текст] / Советский писатель, 1966.-С.201.
4. Жумадылов С.Кыргыз прозасындагы мүнөз проблемасы. [Текст] -Ф., Илим, 1974.-142 б.

5. Сарыков С.Т.Т. Адышеванын поэзиясынын философиялуулугу [Текст] / Наука. Образование. Техника, №3,2020-50б.
6. Осмонова Ж.Р.Менди Мамазаированын ангемелеринде адам жана коом маселелеринин көркөм трансформацияланышы [Текст] /Наука. Образование. Техника.-Ош: КУМУ, 2025. -№1.Б. 133-139.